***Анарбекова В.Э.****, т.и.к., доцент*
*Илимий-изилдөө медициналык-социалдык институту*

# ЭС ТУТУМДАГЫ ПОЛЯКТАР

**Аннотация**

Бул изилдөөбүздө Кыргызстандын түштүк аймагындагы Жалал-Абад жергесине миндеген польшалык аскерлердин 1942-жылдын январь айынан баштап эвакуацияланган учурунун келип чыгуу себептери баяндалат. Бүгүнкү күнгө чейин жергиликтүү элдердин арасында польшалыктардын келгендиги тууралуу элдин жандуу эс тутумунда сакталып калган жана ошондой эле Жалал-Абад областтык мамлекеттик архивдеги материалдардагы фактылар менен тарыхый маалыматтар салыштырмалуу изилденди.

**Ачкыч сөздөр**: польшалык аскерлер, 5-Жөө аскерлер Дивизиясынын Полку, генерал Андерс, генерал Борута-Спехович, Сузак, Благовещенко, жыланайлак окутуу программасы.

# ПОЛЯКИ В ПАМЯТИ

**Аннотация**

В данной исследовании описываются причины эвакуации тысяч польских войска из южного региона Кыргызстана в Джалал-Абаде с января 1942 года. До сегодняшнего дня польское прибытие среди местных жителей сохранилось в живой памяти народа, а также сравнительное изучение фактов и исторических данных из материалов Джалал-Абадского областного государственного архива.

**Ключевые слова**: польские войска, Полк 5-й пехотной дивизии, генерал Андерс, генерал Борута-Спехович, Сузак, Благовещенко, программа тренировок босиком.

# POLES IN MEMORY

**Annotation**

This study describes the reasons for the evacuation of thousands of Polish troops to the southern region of Kyrgyzstan, Jalal-Abad since January 1942. The Polish arrival among the local residents has been still preserved in the living memory of the people, as well as a comparative study of facts and historical data from the materials of the Jalal-Abad regional state archive.

**Key words:** Polish troops, Regiment of the 5th Infantry Division, General Anders, General Boruta-Spechowicz, Suzak, Blagoveshchenko, barefoot training program.

Жалал-Абад аймагындагы поляктардын тарыхы тууралуу бир канча жолу угуп калган учурларым болгон. Буга чейинки интернет булактарында бирин серин берилген материалдардын болгондугу гана болбосо, бирок тереңинен изилдөөлөр болбоптур, болсо дагы материалдардын аздыгы. Маселени ушул таризде караганда биздин жергебизге поляктар *"качан, кантип, кандай жол менен келип калды, ушул жерлердеги жашоосу кандай болду, алардын тагдыры эмне менен аяктады жана кандай тарыхый процесстерди өз башынан өткөрдү?"* деген суроолордун тегерегинде илимий изилдөөлөрдү элдин жандуу эс тутумунда сакталып калгандыгы боюнча оозеки тарыхый усулдары аркылуу жүргүздүк.

Изилденген маалыматтарга таянып, пояктардын Кыргызстанга келип калуусунун 2 толкунун белгилөөгө болот. ***Биринчи толкуну "кичи-кыйыр толкун":*** Россия империясынын 1897-жылдагы жалпы эл каттодогу маалыматына ылайык Орто Азияда 11597 поляктын ичинен Фергана областында – 1535, Жетисууда – 1897, анын ичинен Ош уездинде – 191, Пржевальскийде – 29, Пишпекте – 20 киши болгон. Көпчүлүгү Привислинской губерниясынан келген дворяниндер болгон жана алардын дээрлик бардыгы Россия империясынын алыскы аймактарынын муктаждыктары үчүн талап кылынган билимдүү адистертер болушуп, коомдун ар кандай чөйрөлөрүндө кесипкөйлүк менен иштешкен.

1) Орус армиясынын катарында кызмат өтөп келген поляктар Кыргызстанды илимий-изилдөөчүлөрдүн катарына кирген. Мисалы, Бронислав Громбчевский - генерал-майор, аскер чыгыш таануучусу, Ош уездинин башчысы. Ал эми Ошто кызмат кылган атактуу


изилдөөчү Николай Корженевскийдин урматына Памир-Алайдагы эки мөңгү жана Алай кырка тоосунун борбордук бөлүгүндөгү 6005 м бийиктиктеги чоку анын аты менен аталган;

2) Россия империясынын Украина жана Беларусь губернияларынан келген иммигранттар менен бирге келген поляктардын чакан тобу. Алардын көбү репрессияланган. 1941-жылы Карелиядан 200гө жакын поляк үй-бүлөлөрү келишкен, алар 1930-жылдардын башында Украинанын Житомир, Хмельницкий областтарынан куулуп кетишкен. Кыргызстанда бул үй-бүлөлөр Фрунзе шаары менен чектеш селолордо: Октябрьское, Төмөнкү Чүй (Нижне-Чуйск), Жаңы-Жер (Джанги-Джер), Жаңы-Пахта (Джанги-Пахта) аймактарына отурукташып калган [10]. Демек, Россия аймагы аркылуу келген поляктар.

***Экинчи толкуну “чоң-түз эвакуациялык толкун”***: 1942-жылдагы январь-августагы польшанын граждандары болгон поляктардын чоң тобу келген. Булар негизинен Молотов-Риббентроп пактысынын негизинде советтик армия басып киргенден кийин репрессияга кабылып, СССРдин терең аймагындагы советтик лагерлерге сүргүнгө айдалган поляктар болгон. Алардын ичинен 1942-жылы Жалал-Абадда генерал Андерстин армиясынын бөлүктөрү – бешинчи поляк жөө аскерлер дивизиясы болгон

Биздин жергебизге келген поляктардын тарыхына токтолсок: 1941-жылы *30-июлда* польша эмиграциялык өкмөтү ген. Владислав менен советтик элчи Иван Майскийдин ортосундагы саясий келишимге Лондондо кол койгондон кийин анын негизинде СССРде *Польша Армиясы* уюштурулуп, Лубянкадан түрмөдөн бошотулган ген. Владислав Андерс жетектеген.

Июль келишими түзүлгөндөн кийин 1941-жылы августта Москвага польша аскердик миссия Зыгмунт Шишко-Бохуш менен ген. Владислав Андерс СССРде польша аскерин уюштурууга келген. Көп күнгө созулган сүйлөшүүлөрдөн кийин 1941-жылы 14-августта келишимге кол коюлган. Анда, СССРдин аймагында Польша Республикасынын куралдуу күчү катары Польша Аскери уюштурула тургандыгы; бөлүктөрдү кредиттөө, жабдуу жана куралдандыруу негиздери дагы макулдашылган. Польша мыйзамдарына баш ийдирилип түзүлгөн аскер операциялык мааниде СССРдин Башкы командачылыгына, ал эми уюштуруу жана персоналдык иштерде – Польша Куралдуу Күчтөрүнүн Командачылыгына баш ийе тургандыгы чечилген. Бөлүктөрдү түзүү СССРдин бийликтери тарабынан көрсөтүлгөн жерлерде болушу керектиги, офицердик кадрлар жана жөнөкөй жоокерлер польша жарандарынан чакырылышы керек болгон. Фронтко отряддар толук согушка даяр болгондо гана фронтко киргизилет. Эреже катары, алар дивизиядан аз эмес түзүмдүк бөлүмдөр катары согушат жана СССРдин Жогорку Командачылыгынын операциялык пландарына ылайык пайдаланылат – деп белгиленген [2, 73-74].



1942-жылдагы польша аскерлерин кайрадан эвакуциялоо боюнча

1941-жылы декабрда Москвага ген. премьер-министр Владислав Сикорски келген жана Сталин менен жолугушуудан кийин Польша аскерлерин СССРде калтырууну декларациялоо жана анын чыгыш фронтундагы күрөшкө катышууга даяр экендигин тастыктап, төмөндөгүдөй макулдашууга жетишкен:

-Жети дивизияда (Польшалык аскер күчтөрүнүн командачылыгы- Ташкентке жакын Янгиюлга; 5-жөө аскерлер двизиясын-Жалал- Абадга; 6-жөө аскерлер двизиясын- Шахрисябга; 7-жөө аскерлер двизиясын- Керминге; 8-жөө аскерлер двизиясын-Чок-Пакка; 9-жөө аскерлер двизиясын-Маргеланга; 10-жөө аскерлер двизиясын-Луговойго бөлүштүрүү белгиленген) СССРде Польша Аскеринин санынын курамын көбөйтүү;

-Жакынкы Чыгышка жана Улуу Британияга 25 миң польша жоокерлерин эвакуациялоого;

-СССРдин Түштүк Азия республикаларынын аймактарына польша аскерлерин көчүрүүгө;

-Эмгек батальондорундагы кызматчы поляктарды бошотууга жана аларды польша бийлигинин карамагына өткөрүп берүүгө;

-Польша жарандык калкына жардам максатында жана Польша Аскерин өнүктүрүүгө совет бийлигинен 100 миллион ссуда алууга.




Орто Азияга келген поляк аскерлеринин сүрөтү

Жалал-Абадга келген аскер дивизиясын уюштуруу боюнча көрсөтмө 1941-жылдын сентябрь айынын башынан эле берилген. Дивизия 686 офицерге жана 10874 кенже командирлерге жана жөнокөй жоокерлерге эсептелиши керек болгон. Командир болуп ген. бриг. Мечислав Борут-Спехович, командирдин орун басары-дипломдуу полковник Ежи Гробицки, штабдын начальниги-дипломдуу подполковник Зыгмунт Бэрлинг дайындалган.

1941-жылы 22-августта ген. Андерстин биринчи буйругунда, СССРде Польша Куралдуу Күчтөрүн түзүү буйругунда “Биздин милдет СССРдин, Улуу Британиянын ж. б. союздаштардын аскерлери менен бирге биздин эзелтен берки душманыбыз-немистерге каршы акыркы жеңишке чейин күрөшүү” деген [2, 75].

Кыргызстандын Жалал-Абад аймагына келген 1942-жылдагы польшалык аскерлердин архивдик материалдары Жалал-Абад областтык мамлекеттик архивинде 3 папкада сакталуу. Фонд-43, дело – 169, 151, 371.



Облкеңештин аткаруу комитетинин төрагасы А Суеркуловдун көрсөтмөсү

Архивдик материалдарда польша делегациясынын жетекчиси жолдош М.Комарницскийге амбулатория жана тамак-аш үчүн Базарная №9 көчөсүндө атайын бөлмө ажыратып берүү, андан сырткары, 125 балага бала бакчага жана инвалиддер үчүн карылар үйлөрүн 40 кишиге атайын бөлмөлөрдү ажыратып берүү 3 күндүн ичинде ишке ашырылсын жана аткарылган иш боюнча кайра кабарлоону

милдеттендирилген көрсөтмө Жалал-Абад шаардык аткаруу комитетинин төрагасы жолдош Арыстановго Облкеңештин аткаруу комитетинин төрагасы А.Суеркуловдун милдеттендирүүсү сакталган [11, 35].

Кыргызстанга Россиядан келген дивизияны аскердик темир жол транспорту аркылуу Актюбинскиге, Аральскиге, Ташкентке, Коконго, Ферганага жана Анжиянга жайгаштырышкан. 5-ЖДнын жоокерлеринин бири Вацлов Флисиньски 1942-жылы 22-февралда минтип эскерген: «Бүгүн эртең менен 8:00 дө биздин транспорт темир жол станциясына кириллица жана латын тамгалары менен: “Жалал-Абад” деп жарыяланган тактанын жанына дуулдап келип калды. Мына биздин саякаттын максаты. Кудайга шүгүр...Келгенден кийинки биринчи көз караштан улам биз шаарга жана анын айланасына жөнөдүк. Шаардын айланасында кечээ эле же мурдагы күнү эле жааган кардан улам, жаңы кар баскан бийик тоолор. Биздин командирлер жана коопсуздук кызматтары шаарга чыкпоо керектигин эскертишүүдө. Жалал-Абад жакында эле аскерлер арасында дагы жарандык калк менен жергиликтүү калк арасында дагы ич келте оорусунан чөйрөсүндө жугуштуу оорудан обочолотулган... Жалал-Абад он миңге жакын адамга эсептелген шаар, Кыргызстандын түштүк бөлүгүндөгү борбордук райондо, Фергана өрөөнүнүн түндүк-батыш бурчунда, Көгарт дарыясынын жээгинде, Ужатевский-Багыш темир жолунун боюнда, азыр Өзбекстанга карап калган Анжиян шаарынан 87 километр аралыкта жайгашкан. Бул жерде жашагандардын көпчүлүгү –колхоз чарбачылыгында иштеген өзбектер” [2, 76].

Ошондогу Кыргызстандагы кырдаалды М. Колодей минтип баяндайт. «1942-жылы февралда биз Жалал-Абадга польша аскеринин 5-дивизиясы түзүлүп жаткан жерге келдик. Аскер жарандык калкка камкордук көрүүсүн констатациялоо керек. Азык-түлүк тамак-аштар формачандарга гана эсептелген, эреже катары бардык жарандык жактар аскерде туугандары, кайсы бир аскер адамынын үй-бүлөлөрү болгон. Ошентип, аскер жарандык калкты баккан, врачтык камкордук болгон, аскердин алдында мектептер жана балдар бакчалары түзүлгөн" деп белгилеген. Бул ырастоолор архивдик материалдар менен дал келет.

Ал эми СССРден генерал Андерстин аскерлерин эвакуациялоо *"кетүү толкуну"* кайрадан 1942-жылдын 9-августунан 1-сентябрына чейин жүргүзүлгөн. Бул эвакуациялоонун натыйжасында Иракка 115000ге жакын поляк, анын ичинде 75000ге жакын жоокер болгон. СССРдин аймагынан 5-ЖДны эвакуациялоо 1942-жылдын 9-августунда башталган. Бул окуянын күбөсү минтип жазган: "1942-жылдын 10-августу. Биз Россияны таштап кетүүдөбүз! Эртең мененден баштап биз Жалал-Абад темир жол станциясында Польшага алыскы жолго кетүүгө жүк жүктөп жаттык. Бардыгы узун жол. Али баары алдыда-Персияга. Эртең менен саат 11 де биздин поезд ордунан жылат. Багытыбыз Каспий деңизинин боюндагы Красноводск" – деген эскерүү бар.

Дивизиянын түзүмдүк бөлүмү темир жол транспорту менен Красноводскиге чейин жетишкен, ал жерде дивизиянын штабынын мурдагы начальниги полковник Зигмунт Бэрлинг базанын коменданты болгон. Куралдар дивизиянын түзүмдүк бөлүмү турган жерде тапшырылган (Транспорттогу вахталар куралдарын Красноводскиде тапшырышкан). Андан кийин деңиз шуулдагы менен түзүмдүк бөлүм Пахлявага жөнөп кеткен. Акыркы транспорт 26-августта сүзүп кеткен. Эвакуация тез жана уюшкандыкта жүргүзүлгөн. 1942-жылдын июнунун башталышы менен даталанган документтер Жалал-Абадда жоокерлердин калбай калгандыгын билдирет, ал эми алар ээлеп турган имараттар СССРдин Улуттук Коргоо Комитетинин бөлүштүрүүсүнө өткөрүп берилген [1, 62].

Жалпысынан августтун 16 күнүнүн ичинде СССРден Иранга 69247 адам, анын ичинде: 2430 офицер, 36701 кенже командирлер жана катардагы жоокерлер, 112 аскер кызматкерлери, 1765 эркин согушка катышуучулар жана ККПнын медайымдары, 2738 жаштар жана 25501 жарандык жактар эвакуацияланган. Бул 1942-жылы Борбордук Чыгышка эвакуацияланганда рдын жалпы саны 116 миң адамды, анын ичинде 78 миң жоокер жана 37 миңден ашык жарандык жакты түзгөндүгүн билдирет.



Поляк аскерлеринин тизмеси


Бирок 5-ЖДнын жоокерлеринин бардыгы эле кете алган жок. Жүздөн ашык киши оорудан, алдан таюудан өлгөн жана алардын сөөктөрү кыргыз жергесинде, Жалал-Абаддагы, ошондой эле чет жакалардагы жерлердеги көрүстөндөргө коюлган. Провинциянын борборунда Польша Көрүстөнү деп аталган жогоруда айтылып өткөн чоң көрүстөндү 5-дивизиянын өзү негиздеген. Эмиграциялык тарыхчылардын маалыматтары боюнча анда 92 жоокер көмүлгөн дейт [3]. Бирок, айкелде 98 жоокердин аты жөнү жазылган.

Мына ушул маалыматтарга таянып, ошону менен катар эл арасынан топтолгон бир канча этнографиялык талаа материалдарынын булактары менен салыштырдык. Мисалы, 2021-жылдын 29-окябрында Жалал-Абад шаарынын жергиликтүү тургуну 80 жаштагы күрт улутундагы Каным Исмаилова "Азыркы Курортная көчөсүндөгү "Польша аскерлеринин айкелинин" тарыхы маанилүү окуяларга бай экендигин маалымдап, өзүнүн төрөлгөн жылында польшалык аскерлердин келип, кыйынчылык турмушта жашагандыгын энесинен уккандыгын маалымдады" [4]. Ушундай эле маалыматтарды Благовещенко айылынын тургуну 86 жаштагы поляк улутунун өкүлү Вальцова Любовь Михайловна дагы бала кезде Благовещенко айылында поляк

аскерлеринин аскердик машыгууларды өткөрүп чатырларда жашагандыгын, балдар бакчасынын болгондугун өз көзү менен көргөндүгүн, атасынын аскерлерге ара-торо жардам берип тургандыгын айтты [7]. Дал ушундай интерьюну Оксана Васильевна дагы атасынан уккандыгын жана ошол мезгилдеги балдар үйү азыркы учурдагы эски китепкананын орду болгондугун маалымдады [8].


Благовещенкодогу поляк көрүстөнүнүн азыркы көрүнүшү

Тарыхчы мугалим Бердыходжаев Кадырбек агай дагы Благовещенкодогу поляк аскерлеринин көрүстөндөрүнүн болгондугун, агай дагы бала кезде кой кайтарып жүргөн учурларда көрүстөнгө катар коюлган айкелдерден 425 деген санды окугандыгын айтып берди [6]. Ал эми азыркы учурда ал көрүстөндөр бузулуп, жергиликтүү элдер мал жайыттарына айландырып, айдоо жерлери жана участокторго берилип кеткендигин өз көзүбүз менен көрдүк. Биз изилдөө жүргүзгөн учурда мүрзөдөгү эстелик таштан *“Окоп”* деген жазууну окуй алдык. Мындан улам, ушул жерлерде польшалык аскерлердин мүрзөлөрүнө коюлган эстеликтердин ар биринде өздүгүн билдирген жазуулардын болгондугун жана аскердик машыгууларды кабарлап тургандыгынын далили катары жазылып коюлган деген тыянак чыгарууга болот.


Мүрзөдөгү "Окоп" деген жазуу

Пушкин көчөсүндө жайгашкан католиктердин чиркөөсүнүн кечили (поп) Адам Мариновский дагы төмөнкүлөрдү маалымдады: Жалал-Абад шаарынын Токтогул эс алуучу паркында атайын поляктардын диний иштерин жүргүзүү максатында чиркөөгө жай ажыратылгандыгын белгиледи. Бирок, азыркы учурда ал жерге жаңы имараттар түшүп жок болгон. Ошондой эле курортто атайын аскердик машыгууларды тынымсыз өткөрүп тургандыктарын мындан 10 жыл мурун бир жылкычыдан уккандыгын баяндады. Ал белгисиз жергиликтүү жылкычы атасынан уккандыгын айтыптыр [5]. Чындыгында аскердик машыгууларды өткөрүп турган окоптор бүгүнкү күнгө чейин бузулуп кетсе дагы сакталып калган.

Маалыматтарга жана эскерүүлөргө караганда бул жерге жайгаштырылган польшалык аскер күчтөрү аскердик окуудан, машыгуудан өтүп турушкан. Февралдын аягында генерал Андерс, анын адьютанты жана Жуковдор Жалал-Абадга генерал Борутага даярдыктарды текшерүү үчүн келип кетишкен. Машыгуу учурунда артилерия жана минометтор колдонулган. Анын жүрүшүн атайын чакырылган советтик офицерлер көзөмөлдөп турушкан [13, 66]. Бул окуяларга жергиликтүү жашоочулар күбө болушкандыктарын айтып жүрүшөт.


Курорттогу машыгуучу окоптун бүгүнкү күндөгү көрүнүшү

Демек, согуш жылдарында Кыргызстан аймагы эвакуацияланган жана депортацияланган элдерди кабыл алган аймактардын бирине айлангандыгынан кабар берип турат. Бул райондо аскер бөлүктөрүнөн бир кыйла мурда келишкен поляктар да болушкан. Дивизиянын эки полку Благовещенская айылына (13-14-жөө полку), бир полку (15-жөө полк) Сузакка жайгашкан. Командачылык Жалал-Абад шаарында калган. Алар азыркы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башкы имаратынын 3-кабатында

жашаган. Ал мезгилде 1942-жылы №4441 эвакогоспиталь болгон. Ал эми эпидемияга кабылган солдаттар ошол госпиталда дарыланган.

Изилдоо учурунда архивдик материалдарда согуш мезгилинде дагы окуу процессинин токтотулбагандыгы кызыгууну туудурду. Депортация болгон калктар арасында мектепке барып, билим алууга шарты жок болгон балдар жана 1941-жылы декабрда жоокердик курамдын 30%нын бут кийимдери жок болгондуктан *"Окутуунун жылаңайлак"* деп аталган атайын программасы иштелип чыккандыгы [12]. Дагы бир кызыктуу дал келүү оозеки тарых жыйнап жүргөн учурда интервью алуу мезгилинде Базар-Коргон районунун Жайтерек айылынын тургуну Кадырова Кенже эженин 1925-жылы туулган атасы Кадыров Маман аксакал дагы Улуу Ата Мекендик согуштан кийин деле бутуна кийерге бут кийим жок, тойлорго деле жалаңайлак баргандыгын айтып жүргөн экен [9]. Демек, мындан улам калктын башынан өткөргөн тарыхый окуялары, жандуу эс тутумда бүгүнкү күнгө чейин сакталып калгандыгы уникалдуу табылга деп эсептөөгө болот.



*№ 4441 эвакогоспиталь*

Албетте бул изилдөөлөр Кыргызстандын согуш учурундагы тарыхын жана Жалал-Абад шаарынын тарыхын байытуу менен кыргыз-польша мамилелерин мындан ары да өркүндөтүүсүнө салым кошоорунда шек жок.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Авазов Э.А. Улуу согуш тарыхынын барактары. // Польша аскерлери Жалал-Абадда, 1941-1942-жж. 2012-жылы 17-октябрьда өткрөлүгөн Польша аскерлеринин Борбордук-Азиядан Иранга эвакуацияланышынын 70 жылдыгына арналган илимий конференциянын материалдары. Бишкек-2013.
2. Ибрагимов К.С. Улуу согуш тарыхынын барактары. // Польша аскерлери Жалал-Абадда, 1941-1942-жж. 2012-жылы 17-октябрьда өткрүлгөн Польша аскерлеринин Борбордук-Азиядан Иранга эвакуацияланышынын 70 жылдыгына арналган илимий конференциянын материалдары. Бишкек-2013.
3. Ибрагимов К.С. Никто не забыт, ничто не забыто. Жалал-Абад, 2011.
4. Информатор. Исмаилова К. Жалал-Абад шаары, 2021.
5. Информатор. Адам Мариновский поп. Жалал-Абад шаары, 2022.
6. Информатор. Бердиходжаев Кадырбек. Сузак району, Благовещенское айылы, 2022.
7. Информатор. Вальцова Любовь Михайловна. Сузак району, Благовещенское айылы, 2022.
8. Информатор. Васильева Оксана. Сузак району, Благовещенское айылы, 2022.
9. Информатор. Кадырова Кенже. Базар-Коргон району, Жайтерек айылы, 2022.
10. Иоанн Павел II. ПОЛЯКИ в Кыргызстане https://docplayer.com/28106164-Polyaki-v-kyrgyzstane-chelovek-velik-ne-tem-chto-imeet-a-tem-kem-yavlyaetsya-
11. Фонд-43, опись-1, 169-дело.
12. Фонд-43, опись-1, 151-дело.
13. Якорский Ярослав. Польшага неместик-фашисттик искерлердин басып кириши. // Польша аскерлери Жалал-Абадда, 1941-1942-жж. 2012-жылы 17-октябрьда өткрүлгөн Польша аскерлеринин Борбордук-Азиядан Иранга эвакуацияланышынын 70 жылдыгына арналган илимий конференциянын материалдары. Бишкек- 2013.